Роза гүлүм

Сөзү,обону: Давлатов Кубанычбек (Байэл)

Колумда кучак толо гүлүм,

Бүгүн мен сага келем бүгүн.

Аралап дүйнөнүн гүлдөрүн,

Тандадым Роза гүлүм өзүң.

Канча-канча сулуу көрдүм,

Теңебейм башка жанга өзүң.

Ыр жазып, обон созуп ырдап,

Айтайын сага болгон сүйүүм.

Роза гүлүм менин Роза

Мен сени сүйдүм гүлүм Роза

Сунайын сага гүлүм Роза

Түбөлүк сүйүүм болчу Роза

Карап-карап тойбоймун жүзүң,

Баарынан таттуу сенин сөзүң.

Махабат балын мага сунган,

Кызыл көйнөкчөн гүлүм өзүң.

Узун-узун чачың сүйдүм,

Анан дагы сулуу мүнөзүң.

Алмашпайм эч нерсеге сенин,

Булактай шыңгыр эткен үнүң.